ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**БУЙРУК**

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин токтому (2021-жылдын 28-майындагы №8 протокол) «2019-2020-окуу жылындагы эл аралык кызматташуу иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер» №1 маселе боюнча төмөндөгүдөй

**БУЙРУК кылам:**

1. «2019-2020-окуу жылындагы эл аралык кызматташуу иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер» аттуу маселе боюнча эл аралык байланыштар департаментинин (ЭАБД) директору А.О. Абдувалиевдин билдирүүсү эске алынсын;
2. Өнөктөш окуу жайлар менен ар тараптан кызматташуу иштери факультеттер, колледждер, кафедралар ж.б. структуралык бөлүмдөр тарабынан регулярдуу жүргүзүлсүн;
3. Жаңы окуу жайлар, уюмдар менен кызматташуу келишимдерин түзүү иштери улантылсын;
4. Академиялык мобилдүүлүктүн онлайн формасына студенттерди тартуу иштери ЭАБД жана факультеттер тарабынан күчөтүлсүн;
5. Мобилдүүлүккө жиберилүүчү студенттердин жеке окуу пландары ийкемдүү түзүлсүн, алардын мамлекеттик стандартта жок предметтер боюнча топтогон кредиттери ЖОЖ компоненти жана тандоо курстары катары таанылсын, айырма чыккан кээ бир предметтерди окутуу жана модулдарды кабыл алуу дистанттык технологияны пайдалануу аркылуу жүргүзүлсүн;
6. Мобилдүүлүк боюнча буйрукка билдирүүлөрдү берүү, буйруктардын өз убагында чыгарылышын камсыз кылуу жана мобилдүүлүккө катышуучу студенттерге жеке окуу пландарын оптималдуу түзүү декандардын окуу иштери боюнча орун басарларына жана эл аралык байланыштар боюнча координаторлорго жүктөлсүн;
7. Тил курстарын жогорку деңгээлде уюштуруу жана айрым предметтерди чет тилдеринде окутууну камсыз кылуу үчүн башка өлкөлөрдөн окутуучуларды жумушка алуу иштери колго алынсын;
8. Өнөктөш ЖОЖдор менен биргелешкен билим берүү программаларын түзүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо иштери факультеттер тарабынан жандандырылсын;
9. Онлайн конференцияларда Биргелешкен билим берүү программаларын (БББП) ишке ашыруу, макулдашылган адистиктер боюнча окуу пландарын өнөктөш ЖОЖдор менен биргеликте түзүү иштери факультеттер жана ОИД тарабынан тездетилсин;

10. БББП боюнча келишим түзүлгөн адистиктерге профориентациялык иштерди жүргүзүү тиешелүү факультеттердин декандарына жана кабыл алуу комиссиясына жүктөлсүн;
11. Эл аралык кызматташтыкты күчөтүү максатында уюштурулуп жаткан видеоконференцияларды регулярдуу өткөрүү иштери улантылсын;
12. Академиялык мобилдүүлүктү, БББПны реализациялоону финансылык жактан колдоо максатында кошумча булактарды табуу, долбоор жазуу, эл аралык уюмдар, фонддор менен кызматташуу, инвестиция тартуу, гранттарды алуу ж.б. иштер активдештирилсин;
13. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык байланыштар департаментинин директору А.О. Абдувалиевге жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 28-майындагы №8 жыйынынын**

## ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ

**Күн тартиби:**

**2019-2020-окуу жылындагы эл аралык кызматташуу иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер**

**Угулду:** ОшМУнун эл аралык байланыштар департаментинин директору А.О. Абдувалиев «2019-2020-окуу жылындагы эл аралык кызматташуу иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер» маселе менен тааныштырды.

**Чечим:**

1. «2019-2020-окуу жылындагы эл аралык кызматташуу иштеринин жыйынтыктары жана алдыдагы милдеттер» аттуу маселе боюнча эл аралык байланыштар департаментинин (ЭАБД) директору А.О. Абдувалиевдин билдирүүсү эске алынсын;
2. Өнөктөш окуу жайлар менен ар тараптан кызматташуу иштери факультеттер, колледждер, кафедралар ж.б. структуралык бөлүмдөр тарабынан регулярдуу жүргүзүлсүн;
3. Жаңы окуу жайлар, уюмдар менен кызматташуу келишимдерин түзүү иштери улантылсын;
4. Академиялык мобилдүүлүктүн онлайн формасына студенттерди тартуу иштери ЭАБД жана факультеттер тарабынан күчөтүлсүн;
5. Мобилдүүлүккө жиберилүүчү студенттердин жеке окуу пландары ийкемдүү түзүлсүн, алардын мамлекеттик стандартта жок предметтер боюнча топтогон кредиттери ЖОЖ компоненти жана тандоо курстары катары таанылсын, айырма чыккан кээ бир предметтерди окутуу жана модулдарды кабыл алуу дистанттык технологияны пайдалануу аркылуу жүргүзүлсүн;
6. Мобилдүүлүк боюнча буйрукка билдирүүлөрдү берүү, буйруктардын өз убагында чыгарылышын камсыз кылуу жана мобилдүүлүккө катышуучу студенттерге жеке окуу пландарын оптималдуу түзүү декандардын окуу иштери боюнча орун басарларына жана эл аралык байланыштар боюнча координаторлорго жүктөлсүн;
7. Тил курстарын жогорку деңгээлде уюштуруу жана айрым предметтерди чет тилдеринде окутууну камсыз кылуу үчүн башка өлкөлөрдөн окутуучуларды жумушка алуу иштери колго алынсын;
8. Өнөктөш ЖОЖдор менен биргелешкен билим берүү программаларын түзүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо иштери факультеттер тарабынан жандандырылсын;

9. Онлайн конференцияларда Биргелешкен билим берүү программаларын (БББП) ишке ашыруу, макулдашылган адистиктер боюнча окуу пландарын өнөктөш ЖОЖдор менен биргеликте түзүү иштери факультеттер жана ОИД тарабынан тездетилсин;
10. БББП боюнча келишим түзүлгөн адистиктерге профориентациялык иштерди жүргүзүү тиешелүү факультеттердин декандарына жана кабыл алуу комиссиясына жүктөлсүн;
11. Эл аралык кызматташтыкты күчөтүү максатында уюштурулуп жаткан видеоконференцияларды регулярдуу өткөрүү иштери улантылсын;
12. Академиялык мобилдүүлүктү, БББПны реализациялоону финансылык жактан колдоо максатында кошумча булактарды табуу, долбоор жазуу, эл аралык уюмдар, фонддор менен кызматташуу, инвестиция тартуу, гранттарды алуу ж.б. иштер активдештирилсин;
13. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык байланыштар департаментинин директору А.О. Абдувалиевге жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин**
**төрагасы, профессор** **К.Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы, доцент** **Дж.Ж. Асанбекова**